Ибирайым кызы Айжандын «**Негизги мектепте электрондук окутуунун теориясы жана технологиясы**» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине илимий кеңешчисинин

**ПИКИРИ**

Ибирайым кызы Айжан 15 жылдан ашык Кыргыз билим берүү академиясында иштеп, информатика илимий багытында үзүрлүү эмгектенип келүүдө. 2012-жылы информатика предметинин мисалында мамлекеттик билим берүү стандартынын диагноздоочулук функциясы боюнча жүргүзгөн изилдөөсүнүн жыйынтыгы менен кандидаттык диссертациясын коргоп, информатиканы окутуунун методикасы илимине бараандуу салым кошкон. Андан кийинки убактарда Кыргызстандын негизги жалпы билим берүүсүндө информатиканы окутуунун методикасы, окутуу процессинде маалыматтык технологияларды колдонуунун проблемалары боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүп, электрондук окутуунун теориясы жана технологиясы багытында докторлук темасын бекитти.

Аталган теманын үстүндө иштөөдө ал теориялык жактан дагы, методикалык багыттан дагы дасыккан адис болуп калыптанды. Электрондук окутуунун проблемасын иликтөөдө алыскы жана жакынкы чет өлкөлүк окумуштуулардын, ошондой эле ата-мекендик окумуштуулардын эмгектерине талдоо жүргүздү. Электрондук окутуунун маңызын иликтөө менен катар, бул түшүнүк менен тектеш болгон, дистанттык окутуу, онлайн окутуу проблемалары менен шайкеш келген жактарын, ошондой эле айыпмачылыктуу жактарын илимий түрдө иликтеди. Электрондук окутуунун проблемасын изилдөөнүн натыйжасында ал бир канча бир канчалаган чет элдик жана республикалык илимий-практикалык конференцияларга катышып, жасалган докладдарын илимий макала катары жасалгалады. Илимий изилдөөсүнүн жыйынтыгы менен ал 55 макала жарыялап, 2 монография, 7 окуу куралын басмадан чыгарып, 4 стандартты иштеп чыкты.

Мындан тышкары, Дүйнөлүк банктын проектиси менен уюштурулган "Санариптик сабаттуулук" курсунда А. Ибирайым кызы тренер катары мектеп мугалимдерине электрондук платформаларды колдонуп сабак өтүү боюнча 72 сааттык курс өттү. Мында дагы анын докторлук

диссертациясынын айрым элементтери апробациядан өткөрүлдү деп айтууга болот.

Бүгүнкү күндө Ибирайым кызы Айжандын диссертациялык изилдөөсүндө коюлган максат жана милдеттер толугу менен аткарылды, алынган теориялык жоболору, методикалык сунуштары эксперименталдык иликтөөлөр аркылуу тастыкталды, эффективдүүлүгү аныкталды.

Ибирайым кызы Айжандын «**Негизги мектепте электрондук окутуунун теориясы жана технологиясы**» аттуу докторлук диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет жана изденүүчүгө педагогика илимдеринин доктору илимий даражасын ыйгаруу үчүн диссертациялык кеңеште коргоого сунуштоого болот.

**Илимий кеңешчи,**
**п.и.д., профессор, Ала-Тоо эл аралык университетинин илимий иштер боюнча проректору** **С.К. Калдыбаев**

Тастыктайм
05-ОК
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
HUMAN RESOURCES
16.10.2024ж.